| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**VIII чакырылышындагы Чоң-Алыш айыл аймагынын Чоң-Алыш айылдык кеңешинин кезексиз 3- сессиясы**

## № 11 ТОКТОМУ

2024-жыл 9-апрель — Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагынын жазгы талаа иштери жана мал акыларын бекитүү боюнча**

Чоң-Алыш айыл аймагынын жазгы талаа иштери жана мал акыларын бекитүү боюнча карап талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айылдык аймактык Кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 3 сессиясы токтом кылат:

1. 2024-жылга Чоң-Алыш айыл аймагындагы мал багуучулар үчүн кызмат көрсөтүү акысы төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:

- Бодо малга бир айга - 600 сом, биринчи айга 700 сом(тузу ичинде, жайыт акысы - 100 сом)
- Жылкы бир айга - 600 сом, биринчи айга 700 сом (тузу ичинде,жайыт акысы -100 сом)
- Кой-эчки бир айга – 80 сом, биринчи айга 100сом (тузу ичинде, жайыт акысы – 20 сом)
- Саан бээ – өз ара келишим боюнча
- Кесүү кайтарганда малын карабай ит кушка жегизип алса, малдын башына баш сатып малдын ордун тургузсун
- Мал өлсө тез арада мал ээсине кабарлоо жана жеткирип берүү, жоголсо төлөп берүү малчыларга милдеттендирилсин. Айдоочу өлүк мал алып келсе 100 сом, тирүү койго 200 сом,тирүү бодо малга 700 сом, өлүк бордо малга 300сом, мал ээси төлөп берсин

2. Жазгы айдоо-себүү талаачылык жумуштарын аткарууга кызмат көрсөтүү көлөмдөрүн жеке трактористтерге 2024-жылга 1га жер аянтына калкка кызмат көрсөтүүнүн акысы төмөндөгүдөй баада бекитилсин:

- Айдатылган жердин акысы - 1800 сом, 25 литр солярка
- Дың жерди бузуу - 2000 сом, 30 литр солярка
- Эспарцет себилген жерди бузуу - 1800 сом, 25 литр солярка
- Планировка - 800 сом, 10 литр солярка
- Арпа, буудай себүү - 900 сом, 10 литр солярка
- Даары чачуу -500 сом, 10 литр солярка
- Окучник – 800 сом, 10 литр солярка
- Чөп чабуу -1300 сом, 10 литр солярка

- Чөп престөө ар бир түк -14 сом, 10 литр солярка
- Чөп тырмоо – 600 сом, 5 литр солярка
- Чөп ташуу каналдын асты 1000 сом, каналдын үстү 1200 сом
- Косилка - 1000 сом, 10 литр солярка
- Фасоль комбайн 10 литр солярка, тоннасына 1 кап.
- Фасоль себүү – 800 сом, 10 литр солярка

3. Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн Ак-Сай сервис жана Ак-Булак муниципалдык ишканаларынын техникаларынын баасы жазгы айдоо-себүү, талачылык жумуштарын аткарууга карата кызмат көрсөтүү көлөмдөрү төмөндөгүдөй баада бекитилсин:

- Айдатылган жердин акысы - 1600 сом, 25литр солярка
- Дын жерди бузуу - 1800 сом, 30 литр солярка
- Эспарцет себилген жерди бузуу - 1700 сом, 30 литр солярка
- Планировка - 800 сом, 10 литр солярка
- Арпа, буудай себүү - 900 сом, 10 литр солярка
- Даары чачуу -500 сом, 10 литр солярка
- Окучник – 800 сом, 10 литр солярка
- Чөп чабуу -1300 сом, 10 литр солярка
- Чөп престөө ар бир түк -13 сом, 10 литр солярка
- Чөп тырмоо – 600 сом, 5 литр солярка
- Чөп ташуу каналдын асты 1000 сом, каналдын үстү 1200 сом
- Косилка - 1000 сом, 10 литр солярка
- Фасоль комбайн 10 литр солярка, тоннасына 1 кап.
- Фасоль себүү – 800 сом, 10 литр солярка
- Камаз рейсине каналдын асты - 1000 сом, каналдын үстү 1200 сом
- МТЗ экскаватор саатына – 2500 сом
- Септик, чуңкур казуу 1 метр -700 сом, арык терeңдиги 30 см-30 сом, 50 см-50 сом, ар 30 см- 5литр солярка
- Бак дарактын тамырын жулуу 1 даанасы -200 сом май ичинде
- Фрунталдуу жүктөгүч ар бир саатына- 3000 сом
- Эски там, короолорду түртүү көлөмүнө жараша 700 сомдон жогору
- Мурап акысы:

  -каналдын өйдө жагы БСРден ичкендер 1га жерге- 400сом

  -каналдын ылдый жагы - 300 сом
- Суу уурдаган жарандарга - 5000 сом айып пул салынат.
- Мал үлүш жерге түшсө - 5000 сом айып пул салынат.

4. 15-майдан баштап малчыларды жайлоого көчүрүү жана 25-сентябрдан кийин жайлоодон жакага көчүрүү боюнча иш жүргүзүү жагы жайыт, мал чарба жана ветеринардык иштери боюнча адис Т. Кутманалиевке милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Р. Биримкулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАККА |
|---|---|---|

**VIII чакырылышындагы Чоң-Алыш айыл аймагынын Чоң-Алыш айылдык кеңешинин кезексиз 3- сессиясы**

**№ 12 ТОКТОМУ**

2024-жылдын 9-апрели Манас айылы

**Талас районунун Чоң-Алыш айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн штаттык бирдигин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 50-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 52 "Айыл аймактардын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө" № 177 токтому менен бекитилген айыл өкмөтүнүн чектүү штаттык санына ылайык, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айылдык аймактык Кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 3 сессиясы **токтом кылат:**

1. Талас районунун Чоң-Алыш айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 9 штаттык бирдиги- анын ичинен 1 бухгалтер, 1 штат кенже тейлөө кызматкери, штат техникалык тейлөө кызматкери, 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А. Көчөрбаевке жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Р. Биримкулов**

## Айыл өкмөтүнүн чектүү штаттык саны

| № | Кызмат орундарынын аталышы | Штаттык бирдик саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Айыл өкмөтүнүн башчысы | 1 | Б-А |
| 2 | Айыл өкмөттүн башчысынын орун басары-жооптуу катчысы | 1 | Б-А |
| 3 | Айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык пландоо жана өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы | 1 | У-А |
| 4 | Айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу, турак-жай коммуналдык маселелер боюнча башкы адиси | 1 | У-Б |
| 5 | Айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча башкы адиси | 1 | У-Б |
| 6 | Айыл өкмөтүнүн киреше боюнча башкы адиси | 1 | У-Б |
| 7 | Айыл өкмөтүнүн уюштуруу жана юридикалык маселелер боюнча жетектөөчү адиси | 1 | К-А |
| 8 | Айыл өкмөтүнүн айыл чарба жана өзгөчө кырдаалдар боюнча жетектөөчү адис | 1 | К-А |
| 9 | Айыл өкмөтүнүн санариптештирүү, IT технология Е кызмат жана айыл өкмөтүнүн иш кагаздары боюнча адис | 1 | К-А |
| | **Жалпы:** | **9** | |
| | Техникалык жана кенже тейлөөчү персонал (бухгалтер, МОП, ТОП) | 3 | |
| | Контрактык кызматтар | 4 | |
| | **Жалпы жыйынтыгы** | **16** | |